**БЕКИТЕМИН**

КӨЭАУнун илимий иштер боюнча проректору

____________т.и.д., профессор М.М.Исманов

«_10_» ____01____2024-жыл.

**Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин кыргыз филологиясы ошондой эле мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын**

**№4 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

«25» _12_ 2023-ж. Ош шаары

**Күн тартиби:**

Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын изденүүчүсү Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

**Жыйындын төрайымы:** Б.Т. Исмаилова-(10.00.01) кыргыз филологиясы кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент

**Катчы**: О.Усарова (13.00.02) п.и.к., доцент, тарых-филология факультетинин декандын орун басары

**Катышкандар:**

1. Т.Э.Исаков-(13.00.02) п.и.к., доцент, “Педагогика жана инновациялык билим берүү” борборунун директору

2. М.С.Кадырова – (13.00.02.) п.и.к., доцент, мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын башчысы

3. Н. Д .Тилекова – (13.00.02) п. и. к., доцент, тарых-филология факультетинин деканы

4. И.С.Узакбаев-(13.00.01) п.и.к., доцент, гуманитардык-педагогикалык факультетинин деканы

5. Ж.Т.Каденова-(13.00.01) п.и.к., доцент, англис филологиясы кафедрасынын башчысы

6. Г. М. Калматова – (13.00.02) п.и.к., доцент, мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын окутуучусу

7.А.К.Тентимишова –(10.02.19) ф.и.к., доцент, билим берүүнүн сапаты жана акредитация бөлүмүнүн директору

8. С.Т. Сарыков – (10.01.01) ф.и.к., доцент, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору

9. С. К. Эшманова – (10.02.19), ф.и.к., кыргыз филология кафедрасынын улук токутуучусу

10. С.К.Жусуева –(10.01.01.) ф.и.к., кыргыз филология кафедрасынын доценти

11. А.Ы. Орозбаева – мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын улук окутуучусу

12. Ж. Р. Имаралиева – мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын улук окутуучусу

13. Г.Р.Абдувалиева – мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын улук окутуучусу

14. Р. З. Кыргызбаева – мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын окутуучусу

15. А.Ы.Шайбекова - мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын окутуучусу

16 . С.Р.Акматова– кыргыз филологиясы кафедрасынын окутуучусу

17. Ө.Б.Алибекова– кыргыз филологиясы кафедрасынын улук окутуучусу

19. К.К.Казканова- мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын окутуучусу

20. С.Ж.Исмаилова- кыргыз филологиясы кафедрасынын окутуучусу

**Каралуучу маселе**:

КӨЭАУнун кыргыз филологиясы кафедрасынын улук окутуучусу ошондой эле мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасынын изденүүчүсү М.А.Кашкариеванын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

**Угулду**:

**Төрайым Б.Т.Исмаилова:** Кыргыз филологиясы кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент Б.Т.Исмаилова кафедра мүчөлөрүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын №1-9/422. 23.01.2024 маалыматтык каты менен тааныштырды. Андан соң катчы п.и.к. доцент Усарова Гулбахар Орунбаевнага сөз берилди.

**Катчы Г.О.Усарова:** изденүүчү Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы жөнүндө баяндап берди. Ошону менен бирге аталган теманын жаңылыгы - коллеждерде кыргыз тилин гкоммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен студенттердин коммуникативдик

компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдорун ишке ашыруунун технологиялары иштелип чыгарылгандыгында экендигин белгилеп, анын эффективдүүлүгү колледжерде студенттердин интерактивдүү усулдарды пайдалануу аркылуу коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн технологиясынын жана аны ишке ашыруунун методикасынын иштелип чыккандыгы жөнүндө баяндады.

Баяндаманын негизинде төмөндөгүдөй суроолор берилди:

**М.С.Кадырова:1-суроо**.Окутуудагы бир нечелеген компетенциялардын ичинен эмне үчүн дал ушул коммуникативдик компетенцияны тандап алдыңар?

**2-суроо.** "Коммуникативдүүлүк" түшүнүгүн кандай чечмелединер, кандай түшүнөсүнөр?

**1-суроого жооп**. Орто кесиптик билим берүүнүн стандартында бир нече компетенциялар берилген. Биз анын ичинен коммуникативдик компетенцияны талдап алганыбыздын себеби учурда иш берүүчүлөр да ар дайым коммуникативдүү адисти талап кылышат. Демек ар бир багыт үчүн коммуникативдүү адис учур талабы.

**2-суроого жооп.** Коммуникативдүүлүктү иштин биринчи главасында бир нече окумуштуулардын көз караштарына салыштырып, аны лингвистикадагы изилдөөнүн жаңы багыттарына жана жаңы парадигмаларына кайрылганбыз.

**С.К.Жусуева: 1-суроо.** Коммуникацияны эмне үчүн баарлашуу деп жатасыз?

**2- суроо**. Бир топ илимпоздордун пикирлерине таяныптырсыз, окумуштуу, лингвист С.Рысбаевдин кеп ишмердүүлүгү боюнча пикири иште берилиптир, аны кандай максатта пайдаландыңар?

**1-суроого жооп.** "Коммуникация" терминин биз иштин мазмунунда баарлашуу деп бергенбиз, анткени баарлашуу-бул пикир алышуудагы, сүйлөшүүдөгү интерактивдүүлүк, чын жүрөктөн сырдашуу, ой бөлүшүү,

маалымат алуу жана маалымат берүү, жандуу жана максаттуу сүйлөшүү, алдын ала болжолдоштурулган так натыйжа алууга багытталган пикир алышуу, үзүрлүү жана жогорку деңгээлде сүйлөшүү жана эне тилди, анын мүмкүнчүлүктөрүн илимий ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө жигердүү колдонуу жана башкалар. Муну менен бирге эле Ж.Чыманов баарлашуу сөзүнүн этимологиясынан кабар берип, анын кыргыз тилинде, кыргыз диалектилеринде колдонулган маанилерин тиешелүү сөздүктөргө таянуу менен түшүндүрүп берген. Биз термин боюнча жыйынтыктап айтсак, **«коммуникация»** терминин кыргыз` тилинде **«баарлашуу»** деп алынышын колдойбуз.

**2-суроого жооп**. Иштин мазмунунда кыргыз эл жазуучусу профессор С.К.Рысбаевдин кеп ишмердүүлүк туурасындагы ой-пикирлери да берилген анда: «Текст-кеп ишмердүүлүгүнүн продуктусу, текстти окутууну этно педагогикалык нукта өркүндөтүү проблемасы кыргыз педагогика илиминин алдында учурдагы актуалдуу маселе»-деп белгилеп, аны этнопедагогикалык негизде окутууну жана изилдөөнү маанилүү деп билдирет.

**Г.М.Калматова:** Дидактикада жана методикада компетентүүлүк боюнча кайсыл окумуштуулардын пикирлерин карадыңар?

**Жооп:**Дидактикада жана методикада коммуникативдик компетентүүлүктүн компоненттик курамын, анын структурасын изилдеген орус окумуштуулардан И.Л.Бим, И.А.Зимняя, А.И.Максимова, А.В. Хуторский ошондой эле чет өлкөлүк окумуштуулардан Д.Хаймс, А.Холидей, Ян Ван Эк ж.б. ларды изилдөөдө белгилегенбиз.

**С.К.Эшманова**: Иштин мазмунунда коммуникативдүүлүктүн каражаттарын кандай бөлүштүргөнсүз?

**Жооп:** Биз иштин мазмунунда коммуникативдүүлүктүн каражаттарын тилдик жана тилдик эмес каражаттар деп бөлүштүргөнбүз.Тилдик каражаттарга-монолог, диалог, баяндама, сүйлөө, лекция жана башкалар, ал эми тилдик эмес

каражаттарга - ымдоо-жаңсоо, мимика, аракеттер, предметтер, көздөр, символдорду караганбыз.

**И.С.Узакбаев**: Иштин эксперименталдык бөлүгүндө кайсыл методдор пайдаланылды?

**Жооп:** Рахмат суроонузга. Изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык төмөнкү методдор пайдаланылды: колледждерде кыргыз тилин окутуунун тарыхын изилдөө үчүн, адабияттарды өздөштүрүү талдоо жана салыштыруу аркылуу коммуникативдик компетенциянын терминдеринин маңызын ачуу үчүн илимий-теориялык методдору, талдоо жана жалпылоо, практикалык тажрыйбаларды талдоо жана жалпылаштыруу методу, сурамжылоо жана аңгемелешүү методу пайдаланылды жана анын негизинде эксперименталдык бөлүгүбүз өз максатына жетти.

**Төрайым:** Урматтуу коллегалар, суроолор жок болсо, суроону ушуну менен токтотсок. Изденүүчүнүн өз алдынча изилдөө жүргүзгөнү көрүнүп турат, сүйлөгөнү ордунда, бир топ илимий адабияттар менен тааныш экен. Эми талкуурга өтсөк:

**Талкууга чыгышты:**

**Ж.Т.Каденова:** М.А.Кашкариеванын кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишин бекитүү үчүн талап кылынган критерийлерге толук жооп берет. Анда заманбап, инновациялык усулдар аркылуу студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн жогорулатуунун жолдору толук чагылдырылган.

**Н.Д.Тилекова:** Иштин мазмунунда коммуникативдүүлүктү калыптандыруу компетенциялары менен улуттук нарктуулук бирге каралган методдору бүгүнкү күндө окутуу процессине өтө керек деп айтаар элем.

Демек диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын деңгээли – жогору деп айтсак болот.

**М.С.Кадырова:** Колледждин студенттерине “Кыргыз тили” курсун өздөштүрүү боюнча сабактарды уюштуруунун методикалык сунуштары иштелип чыгып, анын негизинде эксперименталдык иштеринин натыйжалары практикага сунуш кылынган. Бүгүнкү күндөгү иш берүүчүлөрдүн да мына ушул коммуникативдик компетенциялуу адистерге суроо-талабы чоң.

**Төрайымдын жыйынтык сөзү:**

**Б.Т. Исмаилова**: Бүгүнкү өтүп жаткан эки кафедранын кеңейтилген жыйыны изденүүчү М.А.Кашкариеванын **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы карoo жана талкуулоо максатында өткөрүлдү. Программа боюнча баяндамачынын баяндамасын жана ага карата кафедра мүчөлөрүнүн пикирлерин уктук. Кеңейтилген жыйынды чыгарып жатып, кошумча программада диссертациянын темасына шайкеш, студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн технологиясы толук өлчөмдө чагылдырылгандыгын белгилеп кетким келет.

Изденүүчү М.А.Кашкариеванын13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**Добуш берүү**: макул – 20; каршы – 0; калыс – 0

М.А.Кашкариеванын **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) жазган диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароонун жана талкуулоонун негизинде жыйынды

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

М.А.Кашкариеванын «**Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары**» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасынан (кыргыз тили) жазган диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Төрайым, КӨЭАУнун кыргыз филологиясы**

**кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент** **Исмаилова Б.Т.**

**Жыйындын катчысы, кыргыз филологиясы**

**кафедрасынын доценти, п.и.к.** **Усарова Г.О.**

КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЙ МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ БАТЫРАЛЫ СЫДЫКОВА
ЗАВЕРЯЮ
Начальник ОК
« 22 » 01 2024 г.
ИНН 01103199810027

**БЕКИТЕМИН**

КӨЭАУнун илимий иштер боюнча проректору

_____________т.и.д., профессор М.М.Исманов

«__12__» ____12____ 2023-жыл.

М.А.Кашкариеванын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасы

**Кошумча программанын мазмуну**

Программа орто кесиптик окуу жайларынын 1-курстарынын студенттеринин кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларынын түрлөрүн камтыйт. Анда кыргыз педагогикасындагы актуалдуу темага кыргыз тилин окутуунун тутумун илимий-методикалык жактан негиздеп, аларды окутуу ишинде, педагогикалык ишмердүүлүктө пайдалануунун натыйжалуу методдорун, ыкмаларын иштеп чыгууга жана өркүндөтүүгө арналган. Аталган кошумча программа бүгүнкү күндө коллеждерде кыргыз тилин окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби: биринчиден, азыркы жаштардын басымдуу бөлүгүнүн баарлашуусунун, анын ичинде, угуу, окуу, сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгүнүн солгундашынын бир булагы-ааламдашуу процессинин активдештирилишинен улам маалымат технологияларынын студенттерге таасиринин күчтүүлүгү болсо, экинчи булагы – орто кесиптик окуу жайларында кыргыз тилди окутуунун натыйжалуулугуна жетише албай жаткандыгыбыз менен байланышат. Бул эки булак кыргыз тилди окутуунун мазмунун, формасын жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат-милдетин студенттердин билим алууга деген даярдыктарын жогорулатууга багыттоону талап кылат.

## Колдонулган адабияттар

**1.Маразыков, Т. С**. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы. [Текст] /Маразыков Т.С.// – Б.: Бийиктик, 2005. – 167б.

**2.Маразыков, Т. С**. Текст таануу жана анын айрым маселелери. 1-китеп. [Текст]/Маразыков Т.С.// – Б.: Бийиктик, 2005. – 144 б.

**3. Маслова, В. А. Теория текста.** [Текст] /Маслова В.А.// –М.: 2008. 21-бет

Миңбаев К.М. Психология [Текст] / Миңбаев К.М., Закиров А. – М.: 2010.

**4. Момуналиев, С**. Педагогикалык-психологиялык терминдердин сөздүгү. [Текст] /Момуналиев С.// –Б.: – 2014. – 820 бет

**5.Муратов, А**. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, жаралышы жана тарыхы. 1-китеп. [Текст] /Муратов А.// –Б.: 2011. – 604 б.

**6. Муратов, А.Ж.** Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу [Текст] / Муратов А. Ж. -Б.:2009. 105. Муратов А.Ж. Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары [Текст] / Муратов А. Ж. - Б.:2009.

**7.Мусаев, С. Ж.** Тексттин коммуникативдик структурасы. фил. илим. докт. дис. Автореф.: 13.00.02 –Б.: 2000. – 21 б.

**8. Мусаева, В.И**. Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. [Текст]: Методикалык колдонмо /Мусаева В.И.// – Б.:2014. Билим басмасы, – 96 б.

**9. Муратов, А.Ж.** Кыргыз эл педагогикасы: табияты, тарылышы жана тарыхы [Текст] / А. Муратов. – Б.: 2011. – 605 б.

**10.Муратов, А.Ж.** Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу [Текст] / Муратов А. Ж. -Б.:2009. 105. Муратов А.Ж. Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары [Текст] / Муратов А. Ж. - Б.:2009.

**11. Мамбетакунов, Э.** Педагогиканын негиздери: Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдериүчүн окуу куралы. 2-бас. [Текст] / Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. – Б.: Айат, 2008. –

12. **Сарылбекова , З** Коммуникативные основы обучение кыргызскому языку в школах русском обучения. Б.-2014.-168-б.

13. **Рысбаев, С.К.** Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 2-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 2014. – 344 б.

14. **Сартбаев, К.** Кыргыз тилин окутуунун методикасы. [Текст] /Сартбаев К.// – Ф.: 1971., 1978. – 308 б.

15.Сынчыл ойломдун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн методдор [Текст] / Д. Стил, К. Мередис, Ч. Темпл. – Бишкек: Сорос-Кыргызстан, 1997. 164 бб.

16.“Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу” программасынын хрестоматиясы [Текст] / Түзгөндөр: Эсенгулова М., Асекова Ж.Д. – Бишкек, 2004. **137.Тапшынар, М.,** Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору [Текст] / – Б.: КТМУ, 2004. 236 - б.

17. **Тагаева, З.** Байланыштуу кепти окутуу методикасы. [Текст]. /Тагаева З.// – Ош: 2007. – 216 б.

18.**Чыманов, Ж**. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы.

[Текст] /Чыманов Ж.// –Б.: Турар. 2009. – 488 б.

19.**Мукамбетова, А.С.** Кыргыз тилин окутууну инновациялоонун методдору. КББАнын кабарлары, Бишкек-2011, №12(21). 4.

21. **Мусаева, В**. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу. [Текст]

/Мусаева В.// –Б.:2009. – 144 б.

22.**Коновленко, М.Ю.,** Коновленко В.А.Теория коммуникации: Учебник для бакалавров. М.,2014.-415б.

21.**Үкүева, Б.К.** Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун илимий-методикалык негиздери.[Текст] /Үкүева Б.К.//–Б:2013. – 255 б.

## Кандидаттык экзамендин кошумча программасынын

## СУРООЛОРУНУН ТИЗМЕСИ

1. Коммуникативдик компетенттүүлүк деген эмне?

2. Коммуникативдик компетенттүүлүк аркылуу студенттер кандай көндүмдөргө ээ болушат?

3. Коммуникативдик компетенттүүлүк багытында кандай изилдөөлөр бар?

4. Коммуникативдик компетенттүүлүккө калыптандырууга багытталган соңку жылдарда чыккан кандай эмгектер билесиң?

5. Кыргыз тили сабагында коммуникативдик компетенттүүлүк кайсы компетенттүүлүктөр менен бирге каралат?

6. ЖОЖдордо, колледждерде, мектептерде коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруунун айырмачылыктары барбы?

7. Интерактивдүү усулдар деген эмне?

8. Салттуу усулдардан эмнеси менен айырмаланат?

9. ”Компетенция” түшүнүгү эмнени билдирет?

10. Окутуучунун шыгынын, устатыгынын, чеберчилигинин негизинде усулдарды кандайча колдоно алышы эмнеге байланыштуу?

11. Коммуникацияны педагогика менен кантип айкалышта алып барылат?

13. “Сынчыл ойлом” эмнеден башталат?

14. “Сынчыл ойлом” методикасы боюнча сабак кандай бөлүктөрдөн турат?

15. Интерактивдүү усулдардын кандай артыкчылыктары жана жетишкендиктери бар?

16. Башка бирөөнүн оюн уга билүү менен студенттердин кандай компетенттүүлүгүн калыптандырабыз?

17. Коомго керектүү студентти окутуп тарбиялоонун мааниси эмнеде?

18. Студенттер алган билимдерин турмушта пайдалана алуусу үчүн эмне кылуу керек?

19.Тил менен коммуникациянын функциялары кандай болот?

20. Коммуникациянын структурасы эмнелерден турат?

21. Коммуникативдик кырдаал деген эмне?

22. Суроо берүү аркылуу студенттердин кандай ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өстүрсө болот?

23. Окуу процессинин философиясы кандай болушу керек?

24. Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдө ар түрдүү идеялар менен ой пикирлерди эске алуунун мааниси эмнеде?

25. Студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө өзүнө болгон ишенимин кантип жогорулатууга болот?

26. Студенттерди окуп түшүнүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында интерактивдүү усулдарды ыктуу колдонуунун кандай жолдорун сунуштоого болот?

**Төрайым, КӨЭАУнун кыргыз филологиясы**
**кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент:** **Исмаилова Б.Т.**

**Жыйындын катчысы, кыргыз филологиясы**
**кафедрасынын доценти, п.и.к.:** **Усарова Г.О.**

КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЙ МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ БАТЫРАЛЫ СЫДЫКОВА
ЗАВЕРЯЮ
Начальник ОК
«21» 01 2024
ИНН 01103199810027